

**УДК.940.5:958:327.7**

*Омурова, Ж. О., т.и.к., Ж. Баласагын атындагы*
*Кыргыз Улуттук Университетинин доценти, Кыргызстан*

*Омурова Ж.О., к.и.н., доцент КНУ*
*им. Ж. Баласагына, Кыргызстан*

**Кытайдын Борбордук Азияга багытталган «гармониялуу дүйнө теориясы» жана “бир алкактын бир жолу” саясаты**
**Политика КНР ≪теории гармоничного мира≫ и “один пояс один путь”, направленная в Центральную Азию.**
**The China's policy of " theory of harmonious world " and "one-way one way", directed to the Central Asia.**

*Макалада азыркы мезгилдеги Борбордук Азия өлкөлөрүндө Кытайдын «гармониялуу дүйнө теориясы» жана “бир алкактын бир жолу” саясатты жана анын иш аракети тууралуу каралган. Ошону менен катар акыркы он жылдыктарда Кытай Элдик республикасынын тышкы саясатындагы олуттуу өзгөрүүлөр, КЭРдин тынчтыкты жана достукту сүйгөн мамлекет катары дүйнөлүк коомчулукта таанылууга багыт алгандыгы, ар кандай форматтагы эл аралык кызматташтык үчүн ар тараптан ачык жана айкын экендиги маалымдалган. Ушундай байланышта ШКУдагы КЭРдин катышуусу толук деөгээлде өлкөнүн тышкы саясый приоритетине туура келет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Борбордук Азия, Кытай, ШКУ, гармониялуу дүйнө теориясы, бир алкактын бир жол.*

*В статье рассматривается политика Китая «теории гармоничного мира» и «один пояс один путь» в странах Центральной Азии, и ее трансформации в современных условиях. В основе внешней политики КНР, претерпевшей суүественные изменения за последние десятилетия, обозначился курс на повышение международного престижа КНР как страны дружественной и миролюбивой, а также на открытость КНР для различных форматов международного сотрудничества. В этом контексте участие КНР в ШОС в полной мере соответствует внешнеполитическим приоритетам страны.*

***Ключевые слова:*** *Центральная Азия, Китай, ШОС, теория гармоничного мира, один пояс один путь.*

*The article considers the China's policy of " theory of harmonious world " and "one-way one way" in the countries of Central Asia, and its transformation in modern conditions. At the heart of China's foreign policy, which has undergone significant changes in recent decades, the course has been set to enhance the international prestige of China as a friendly and a peace-loving country, as well as the openness of the PRC for various formats of international cooperation. In this context, the participation of the CPR in the SCO fully*

*corresponds to the foreign policy priorities of the country.*

***Keywords:*** *Central Asia, China, SCO, the theory of harmonious of peace, one way one way.*

Акыркы он жылдыктарда Кытай Элдик республикасынын тышкы саясий негизи олуттуу өзгөрүүгө туш болууда. КЭР өзүн тынчтыкты жана достукту сүйгөн мамлекет катары дүйнөлүк коомчулукта абройун көтөрүүгө багыт алгандыгы байкалууда. Ар кандай форматтагы эл аралык кызматташтык үчүн ар тараптан ачык жана айкын экендиги айтылууда. Демек, Борбордук Азиядагы Кытайдын тышкы саястыны багыттуу ишке ашырууда Шанкай кызматташтык уюмун (ШКУ) кызмат кылып келет. Кытай ШКУну негиздегендердин бири, уюм алкагындагы ишмердүүлүктө кытай жетекчилиги Борбордук Азия мамлекеттерин жана Россия Федерациясын эө маанилүү стратегиялык өнөктөшү катары карап келет. КЭРдин тышкы саясий байланышын ШКУ аркылуу ишке ашырууга толук деөгээлде катышуусу өлкөнүн саясый приоритетине туура келет.

Келечектеги 50 жыл ичинде өзүнүн модернизациялык кайра курулушун камсыздоо үчүн Кытай төмөнкүлөрдү пландаштырууда:

- Кытай өзүнүн узак мөөнөттүү диалогдун жана уланмалуу күч-аракеттердин жардамы менен тынч бириктирүү жараяндын майнаптуулугун артырууну каалайт (Тайван территориясын Кытай менен бириктирүү жөнүндө айтылууда);
- КЭРдин эгемендүүлүгүн жана аймактык бүтүндүгүн камсыздоо;
- Бүткүл дүйнөдө тынчтыкка, кызматташтыкка өнүгүүгө көмөктөшүү;
- «Гармониялуу» азияны жана «гармониялуу» дүйнөнү түзүүнүн үстүнөн ыраattуу иштөө[1].

«Гармониялуу дүйнө теориясы» кытайлык идеологияда КЭРдин жетекчилеринин XXI кылымдын башындагы көрүнүктүү теориялык жетишкендиктеринин бири катары мүнөздөлөт. Ал биринчи жолу 2005-жылдын сентябрында КЭРдин Генералдык катчысы Ху Цзианьтаонун БУУнун түзүлүүсүнүн 60 жылдыгына карата жыйналышта чыгып сүйлөөсүнүн жүрүшүндө угузулган[2]. Гармониялуу дүйнө жөнүндө анын баяндамасы эки бөлүктөн турган. Биринчисинде, теориянын манызы менен мазмуну жана аны ишке ашыруу боюнча чаралар түшүндүрүлгөн, ал эми экинчисинде, Кытай ошол жараянда ойной турган роль жөнүндө айтылган.

Кытайлык салттын «гармониялуу» баалуулуктарын, КЭРнын азыркы максаттарын жана өлкөнүн тышкы саясатын бирдикте байланыштыруу аракети Ху Цзиньтаонун 2006-жылдын апрелиндеги Йель университетинде сүйлөгөн сөзүндө угулган. Ал кытайлык цивилизация дайыма социалдык гармонияга, биримдикке жана өз ара жардамга чоө маани берген, эми болсо Кытай гармониялуу коомду куруута киришүүдө деп жарыялаган. Мында баса белгиленгендей КЭРнын жетекчиси, “кытайлык цивилизация дайыма коөшулары менен жакшы мамилелерге көөүл бөлгөн, бардык өлкөлөр бири бири менен гармонияда жашоосуна умтулган. Биздин күндөрдө Кытай тынчтык, өнөктөштүктү өнүктүрүү үчүн чыгат, өз ара пайданын кызыкчылыгындагы ачыктык стратегиясын карманат, «башка цивилизациялардын жетишкендиктерин кызматташтык аркылуу тынчтыкка жана өнүгүүгө жетүү үчүн колдонууга умтулат, гармониялуу дүйнөнү, узак бейкапар мамилелерди жана

жалпынын бардарчылык жашоосунун гүлдөөсүн курууда өз ролун ойноого умтулат»[2].

Ошентип, Ху Цзиньтаонун башкы идеясына ылайык, гармониялуу дүйнө теориясы, эл аралык мамилелердин бардык катышуучуларынын баарынын бардарчылыгына, гүлдөөсүнө жетишүү үчүн «жалпы баарынын коопсуздугун» камсыздоо боюнча биргелешкен иш-аракеттерин болжойт. «Жалпы баарынын коопсуздугу»[3] деп өз ара ишенимге жана диалог аркалуу өнөктөштүккө негизделген бардык катышуучулар үчүн бирдей коопсуздук даражасын камсыздоо тутуму болжонорун түшүндүрүү талап кылынат. Мындай тутум БУУнун майнаптуу көзөмөлүнүн астында түзүлө алмак. Пекинде «жалпы баарынын гүлдөөсүнө» жетишүү үчүн туруктуу өнүгүүгө өтүүнү жүзөгө ашыруу, дүйнөлүк каржылык тутумду, сооданы жана энергоресурстар базарын планетанын тагдыры үчүн жоопкерчилик глобалдык сезиминин негизинде ыраатташтыруу, дүйнөнүн маданий жана цивилизациялык көп түрдүүлүгүн колдоо, эл аралык мамилелердин таза атаандаштыгын, демократизациясын колдоо зарыл деп болжошот.

Гармониялуу дүйнө жөнүндө теориянын рухунда өнүгүп, Кытай «өзүнүн жеке мисалы менен, БУУнун принциптерин катаал сактап, эл аралык иштерге активдүү катышууга, эл аралык милдеттенмелерди аткарууга, жаөы, адилеттүү, акыл-эстүү дүйнөлүк тартипти орнотууга көмөктөшүүгө аракеттене турган болот»[4].

Ху Цзиньтаонун «гармониялуу дүйнө теориясы» өз убагында КЭРдин ички жана тышкы өнүгүүсүндө эө позитивдүү идеялардын жыйындысы гана болбостон, коөшу мамлекеттер менен кызматташуусунда майнаптуу ийгиликтерге жетишкендиги менен айгенеленген.

Ал эми Ху Цзиньтаонун концепциясын улай Кытайдын кийинки жетекчиси Си Цзиньпин «Бир алактын бир жолу» концепциясы 2013 жылы сентябрь – октябрь айларында Казахстан жана Индонезияга жасаган расмий жолдомосунда биринчи жолу жарыяланган[5]. Ушуга чейин 2012 жылы Си Цзиньпин демилгеси менен «кытайдын арзусу же ой чабыты » («китайской мечты») идеологиялык концепциясы иштелип чыккан. Ушул идеологиянын негизи Кытайдын тышкы дүйнөгө кытайлардын ой мүдөөсүн жайылтууга белсенген «бир алактын бир жолу» концепциясын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү зор экендиги белгиленген. «Бир алактын бир жолу» - эки долбоордун негизин ичине камтыган: биринчиси, «Жибек жолунун экономикалык алкагы» экинчиси, «XXI кылымдагы Мухиттик Жибек жол». Бул эки долбоор Евразиялык мамлекеттердин интеграциялык өнүгүүсүнө багытталган. «Жибек жолунун экономикалык алкагы» үч трансевразиялык экономикалык коридорлордун түзүлүшүн камсыздайт:

1) Түндүк тарабы КЭРдин Борбордук Азия, Россия жана Европа өлкөлөрү менен байланышын камсыздоого иш аракеттери.

2) Борбордук тарабы КЭРдин Борбордук, Батыш Азия, Персия булуөу жана Жер Ортолук деөизинин аймактары менен жакындашуусу.

3) Түштүк жагы, Кытайдын Түштүк-Чыгыш, Түштүк Азия жана Инд мухити аймактары менен байланышын камсыздоосу каралган.

Ал эми «XXI кылымдагы Мухиттик Жибек жол» долбоору эки мухиттик жолдордун түзүлүшүн өзүнө камтыйт:

1) Кытайдан Түштүк Кытай деөизи аркылуу Түштүк – Тынчокеан регионуна чыгуусу.

2) Кытайдан Түштүк Кытай деӊизи аркылуу Инд мухити менен Европага чыгуусу каралган[6].

Жогорудагы концепцияны ишке ашыруу максаттында 2013-жылы КЭРдин төрагасы Си Цзиньпин жана премьер-министри Ли Кэцян Түштүк Азия жана Борбордук Азия республикаларына барган расмий жолугушууларында жарыя салгандыгы белгилүү[7]. Кытайдын ой чабытындагы эки долбоордун бири-бири менен байланышынын кытайлык изилдөөчү Сунь Цюандын “Жибек жолу жана Кытайдын ой чабыты” аттуу эмгегинде толук анализ берген[8].

Сунь Цюан «Жибек жолунун калыбына келтирүү кытай элинин кайра жаралуусу менен байланыштуу анткени, ал “кытайдын арзуусу” концепциясынын негизги ядросун түзгөн. 2000 жыл мурун Жибек жолу 7 миӊ. км. узундук аралыкта (анын ичинен 4 миӊ. км. Кытайдын территориясында) Борбордук жана Түштүк Азия, Африка, Европа өлкөлөрүнүн ортосунда экономикалык жана маданий карым катнаштын болушуна салымын кошкон. Ошентип Жибек жолу – бул Кытайдын күчтүү, туруктуу өнүгүп жаткандыгы менен дүйнөлүк аренада маанилүү ролду ойногондугунун белгиси. Ошондуктан Жибек жолун калыбына келтирүү – бул кытай улутунун кайра жаралуусунун бир бөлүгү, мындан кытай ой мүдөөсүнү негизи”[9] деп жазган.

Арийне, КЭРдин Борбордук Азиядагы максаттары менен кызыкчылыктарын жана ШКУ алкагындагы кызматташтыктан күтүүлөрүн сыпаттоо үчүн Кытай бул өлкөлөрдүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө максималдуу көмөктөшө турган тышкы саясатты жүргүзө тургандыгын так түшүнүүсү керек. Мындан Кытай коӊшуларынын арасында социалдык-экономикалык өнүгүүнүн ар түрдүү деӊгээли жана түрдүү саясий режимдери бар мамлекеттер болгондугун билүүсү зарыл. Ушундан улам кээ бир кытайлык окумуштуулары керек десе «КЭРнын континенттик жана деӊиз чек араларынын дээрлик ар бир багытында же күчтүү өлкө, же туруксуз өлкө, же Кытайга дараметтүү душман өлкө бар» деп ырасташат[10].

Туруксуз чек аралык региондор Кытайдын өзүнө терс таасир кыларын, ал эми тынч жана достук маанайдагы коӊшулар Кытайдын чек аралык аймактары жана жалпысынан өлкөнүн саясий климаты үчүн пайдалуу экенин тарых көрсөтөт. Кытай азыркы тапта өлкөдө модернизацияны жүзөгө ашыруу үчүн узак мөөнөттүү тынч чөйрө түзүүгө аракеттенет. КЭРнын коӊшулук саясаты үч негизги принципти ырастайт – «дос коӊшу, бай коӊшу жана тынч коӊшу». Ошондуктан КЭРнын борборазиялык багыттагы тышкы саясатынын эӊ маанилүү артыкчылыктарынын бири Кытайдын түндүк-батыш чек арасында жагымдуу чөйрө түзүүгө багытталган чаралар комплексин ишке ашыруу болуп саналат.

Кийинки бир нече кылым ичинде чек аранын бул тилкеси, дайыма чек аралык чатактар менен кагылышуулардын очогу болуп келген. ШКУнун башаты болгон «Шанхай бешилтигинин» күн тартибине коюлган биринчи маселеде Борбордук Азия мамлекеттери менен чектешкен аймактарды чечүү фактысы, Кытай үчүн зарыл болгон оӊ тажрыйбага ээ болуусу, Кытай менен Индия ортосундагы чек ара көйгөйүн чечүүгө жол берүүдө. Жогорудагыдай жагдайдын өзү ШКУну Борбордук Азиядагы туруктуулук менен коопсуздуктун таянычына айлантып жаткандыгын жана анын актуалдуулугун сактоого жол берет. ШКУнун негизделиши менен кытайлык СУАРда чет өлкөлүк таасирди, чет элдик мамлекеттик эмес уюмдардын, экстремисттик уюмдар тарабынан кысымды азыраак баштан кечирип калды десек болот.

Экинчиден, Кытай ШКУну өзүнүн өндүрүштүк фабрикасынын күүлдөгөн механизмдери даярдаган продукцияны сатып өткөрүүнүн жаөы базарларына муктаж, ошондуктан ШКУда соода-экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү үчүн жарамдуу рычаг катары колдоно алат.

Үчүнчүдөн, Кытайга коөшу мамлекеттердин достук маанайда болуусу өтө зарыл. Мында маданий-тилдик тоскоолдорду жоюуда, бардык мүнөздөмөлөрү боюнча ушунчалык бөтөн конфуцийчилик цивилизациянын жатыркоосун жеөүүдө, «сары коркунуч» жөнүндө кооптонууларды таркатууда мүмкүн болуп калат. Шанхай уюму бул маселе боюнча КЭРдин коөшу мамлекеттер менен гуманитардык бирге аракеттешүүсүнүн бекем негизи катары турат.

Кытайдын Батышы Евразиялык континенттин ички райондорунда жайгашып, көптөгөн маданияттардын жуурулушуу жана өз ара өтүшүү орду болуп саналат. Борбордук Азияда тутанып турган улуттук, диний чатактар Кытайга да тике таасир этет. Бул райондорго кошумча чакырык америкалык жана европалык гуманитардык кийлигишүүдөн улам келип чыгууда. Демек, ШКУнун алкагындагы гуманитардык кызматташтык уюмдун өнүгүүсүнүн жалпы стратегиясынын ажырагыс элементи болуп калууга тийиш. Кийинки мезгилде биз гуманитардык бирге аракеттешүү улам так контурларга ээ болуп баратканын байкап жатабыз. Гуманитардык мүнөздөгү программалар улам барган сайын деталдашкан, адистешкен, практикалык иштерге мелженген болуп баратат. Антсе да, азыркы тапта, Борбордук Азияда жана Кытайдын батыш региондору билим берүү, илим жана маданият аймагында негизинен АКШга жана Батыш Европага багыт алганын көрсө болот. Коөшу Россия жана Борбордук Азия менен мамилелер бул сектордо өтө алсыз да, бул аймактарда араб дүйнөсүнүн өлкөлөрү, Түркия, Корея, Сингапур менен алакаларга маанилүү экендигин баса белгилешүүдө. Ошондуктан бул багыт «жаөы жибек жолунун» негизинде маданий-цивилизациялык жалпылыкты түзүү үчүн биргелешкен күч-аракеттерди, кыйла тыгыз байланыштарды талап кылат[11].

Жыйынтыктап айтканда, белгилүү бир ийгиликтерге карабай, Шанхай кызматташтык уюму – бул алиге чейин абдан жаш уюм экенин аөдоо зарыл. Бул демек, ал туруктуу өркүндөөгө жана бышып жетилүүгө муктаж экенин туюнтат. Уюмдун өзүн аныктоо маселеси жетишерлик курч турат.

Кытайдын лидерлеринин астыга койгон «гармониялуу дүйнө теориясы» жана “бир алкактагы бир жол”, Кытайга коөшулаш өлкөлөрдө өзүнүн түрдүү пландагы катышуусун таөуулабай жана жетишерлик майнаптуу кеөейтүүгө жол берет. Кытай «ШКУдагы кытайлык түзүү үчүн» план ченемдүү чыөдоодо, мында, өзүнүн Борбордук Азиядагы кыйла алсыз коөшуларында өз максаттарына карата кездешкен шектенүүлөрдү таркатууга аракеттенип, «агрессиялуу максаттарсыз жаөы супердержава» имиджин алдыга түртүүдө. Кытайлык тарап, Борбордук Евразия мейкиндигиндеги көйгөйлөр менен карама-каршылыктарды чечүү үчүн улуттуктан жогору турган механизмди түзүүнүн демилгечилеринин бири болгондуктан, Шанхай уюмунун өнүгүүсүнө жана өркүндөөсүнө кызыкдар.

**Адабияттар:**

1. Серебрякова Н. В. Шанхайская организация сотрудничества: проблемы политической интеграции в Центральной Азии. М., 2010. С. 87

2. Ху Цзиньтаонун чыгып сүйлөөсүн караөыз, 15.09.2005, Нью-Йорк, hrrp://politics.people. com/cn/GB/1024/3699888.html

3. Li Minlun. Zhongguo «xinanquanguan» yu shanhai hezuo zuzhi yanjiu (Китайская «новая концепция безопасности» и исследования ШОС), Renmin chubanshe (Народное издательство), Пекин, 2007, с.40
4. Сун Сейфен. Теория о гармоничном мире и исследования международных отношений// Jiaoyu kexue yanjiu (Научное ……), 2007, №11
5. Си Цзиньпин: «Один пояс и один путь» откроет новые горизонты мечты) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://politics.people.com.cn/n/2014/0811/c1001-25439028.html
6. Кто и как сформирует Большую Евразию? [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://eurasianews.info/ru/node/11101
7. Новый Шелковый путь: старатегические интересы Росиии и Китая . // http://www.russiancouncil.ru/inner (20 декбаря 2013г.)
8. Скрипкарь М.В., Шамшурин Д.А. Инициатива «один пояс и один путь» и концепция «китайская мечта»: точки соприкосновения.
9. Шелковый путь и Китайская мечта. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://book.douban.com/review/7627011/
10. Wang Gengwu. China and Southeast Asia/Edit/by David Shambaugh «Power shift-China and Asia s dynamism». Californial University of California Press Berkerey/ 2006.P.198
11. Pan Guang. Ershiyi shiji de diyige xinxing quyu hezuo zuzhi: dui shanhai hezuo zuzhi de zonghe yanjiu (Первая региональная организация сотрудничества «нового типа» в 21 веке. Комплексный подход к анализу Шанхайской организации сотрудничества), Пекин: Изд-во Партийной школы ЦК КПК, 2006. С.153-163



**УДК:94(575,2):94(574)**

*Сапаралиев Д.Б., т.и.к., К. Карасаев атындагы БГУнун профессору, Кыргызстан*

*Сапаралиев Д.Б., к.и.н., профессор БГУ им. К. Карасаева, Кыргызстан*

# ОБ ОТРАЖЕНИИ КЫРГЫЗСКО-КАЗАХСКИХ ВЗАИМООТНОШЕНИЙ XVII-XVIII ВВ. В НАУЧНЫХ ТРУДАХ ЧОКАНА ВАЛИХАНОВА

# XVII-XVIII – КЫЛЫМДАРДАГЫ КЫРГЫЗ – КАЗАК МАМИЛЕЛЕРДИН ЧОКАН ВАЛИХАНОВДУН ЭМГЕКТЕРИНДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ

# THE REFLECTION OF THE KYRGYZ-KAZAKH RELATIONS IN XVII-XVIII CENTURIES IN THE SCIENTIFIC WORKS OF CHOKAN VALIKHANOV